**БЕКИТЕМИН**
И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин ректору, ф.и.д., проф. А. Т. Абдраева
_______________
«19» _______________

**Касымалиев Муратбек Усонакуновичтин «Жалпы билим берүүчү мектепте информациялык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздери» деген темадагы** 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) жана 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин колдонмо информатика кафедрасынын кеңейтилген отурумунун 2025-жылдын 16- май айындагы № 12 протоколунун

## КӨЧҮРМӨСҮ

**Катышкандар:**

1. Керимов У.Т. – Жаны маалыматтык технологиялар институтунун директору, т.и.к., доцент
2. Бийбосунов Б.И. – ф.-м.и.д., профессор Колдонмо Информатика кафедрасынын башчысы, Жаны маалыматтык технологиялар институтунун профессору
3. Юсупов К. – Колдонмо Информатика кафедрасынын доценти
4. Кашкароева А. – Колдонмо Информатика кафедрасынын доценти
5. Асанбекова Н. – Колдонмо Информатика кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу
6. Бузурманкулова А.А. – Колдонмо Информатика кафедрасынын ага окутуучусу
7. Атаев Б.С. – Колдонмо Информатика кафедрасынын ага окутуучусу
8. Ачекеев К.С. – Колдонмо Информатика кафедрасынын ага окутуучусу
9. Смайлбек кызы Ч. – Колдонмо Информатика кафедрасынын ага окутуучусу

11. Муратаева Н.Б. – Колдонмо Информатика кафедрасынын окутуучусу
12. Торогельдиева К.М. - п.и.д., проф., 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы жана 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

13. Бабаев Д.Б. - п.и.д., проф. 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы жана 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

14. Гриншкун В.В. п.и.д., проф.., 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу)

15. Мухамбетжанова С.Т. п.и.д., проф.., 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу)

12. Калдыбаев С.К. п.и.д., проф., 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы жана 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

13. Сияев Т.М. п.и.д., проф., 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы жана 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

14. Ибраев А.Д. п.и.к., доцент Кувейт университетинин окуу иштери боюнча проректору

15. Зулпуева К.А. п.и.к., Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын доцентинин м.а.

16. Кайдиева Н.К. п.и.к., доцент Ж.Баласагын атындагы КУУнун Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүү технологиялары кафедрасы

17. Ибирайым кызы Айжан п.и.к., у.и.к. Кыргыз билим берүү академиясынын Технология, искусство жана ден соолук маданияты лабораториясынын башчысы

**Отурумдун төрагасы:** Керимов Улан Турсунбекович – техника илимдерини кандидаты, доцент.

**Отурумдун катчысы:** Кашкароева А.А. – И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин колдонмо информатика кафедрасынын доценти

## КҮН ТАРТИБИ:

1. Изденүүчү Касымалиев Муратбек Усонакуновичтин «**Жалпы билим берүүчү мектепте информациялык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздери**» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) жана 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**Диссертациялык иш** И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин колдонмо информатика кафедрасында аткарылган.

**Илимий консультант:** Калдыбаев Салидин Кадыркулович педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Рецензенттер:**

1. Гриншкун В.В. Академик РАО, профессор департамента информатизации образования института цифрового образования ГАОУ ВО г. Москвы "Московской городской педагогический университет", доктор педагогических наук, профессор
2. Мухамбетжанова С.Т. Доктор педагогических наук, доцент, академик Международной академии информатизации, зав.каф. Естественно-математического направления ФАО "НЦПК Өрлеу" Институт профессионального развития

**УГУЛДУ:**

**Отурумдун төрагасы:** Урматтуу жыйындын катышуучулары! Биз бүгүн Касымалиев Муратбек Усонакуновичтин «Жалпы билим берүүчү мектепте информациялык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздери» деп аталган, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) жана 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиктери боюнча диссертациялык ишин аткарылган жеринде талкуулайбыз.

Катышуу баракчасына ылайык жалпы – 17 мүчө катышып жатат, анын ичинен онлайн катышкандары – 3. Демек, талкууну баштасак болот.

Биринчи сөз Касымалиев Муратбек Усонакуновичтин өздүк мүнөздөмөсү, иштеген иши жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү жөнүндө айтып берүү үчүн сөз катчыга, "Колдонмо информатика" кафедрасынын доценти А.А.Кашкароевага берилет.

Аты-жөнү: **Касымалиев Муратбек Усонакунович.**

Туулган жылы: **1967ж.**

Иш стажысы: **34 жыл**

Билими: **жогору**

Аспирантурада окугандыгы тууралуу маалымат: **изденүүчү.**

Илимий консультанты жөнүндө**:** Калдыбаев Салидин Кадыркулович п.и.д., профессор, Эл аралык Ала-Тоо университетинин проректору болуп иштейт.

Изилдөө темасынын бекитилгендиги: Изилдөө темасы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин 2017-жылдын 05-апрелинде Окумуштуулар кеңешинин № 61 протоколунун негизинде бекитилген.

Изилдөө темасынын аталышы: Жалпы билим берүүчү мектепте информациялык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздери.

Изденүүчүнүн диссертациялык иштин мазмунун камтыган илимий макалалары, окуу-методикалык куралдары, колдонмолору, монографиялары жарык көргөн. Алардын жалпы саны: 40.

Касымалиев Муратбек Усонакуновичтин өздүк делосунда Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын (КР УАК) талабына ылайык төмөнкү документтер тиркелет: диссертациялык иши, анын авторефераты, жарыяланган илимий эмгектеринин тизмеси, илимий темасын жана илимий консультантын бекиткендиги тууралуу буйруктун көчүрмөсү, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын протоколунун көчүрмөсү, илимий консультант п.и.д., профессор С. К. Калдыбаевдин диссертациялык ишке пикири. 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча п.и.д., профессор ВВ. Гриншкундун жана 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча п.и.д., доцент С.Т.Мухамбетжанованын пикирлери тиркелет.

Демек, изденүүчүнүн документтери талапка ылайык даярдалган.

Көнүл бурганыңыздарга рахмат!

**Отурумдун төрагасы:** Анда диссертациялык иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары жөнүндө кыскача айтып берүү үчүн сөз изденүүчү Касымалиев Муратбек Усонакуновичке берилет.

**Касымалиев Муратбек Усонакунович:** Урматтуу төрага, отурумдун катышуучулары!

Биздин диссертациялык изилдөөбүз «Жалпы билим берүүчү мектепте информациялык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздери» деп аталат.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында билим берүү системасын заманбап талаптарга ылайык санариптештирүү – өлкөнүн стратегиялык багыты. Санариптик технологияларды колдонуу билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн, сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги фактору болуп саналат. Бул талапты ишке ашырууда жалпы билим берүүчү мектептерде *маалыматтык билим берүү чөйрөсүн түзүү* өзгөчө мааниге ээ.

Теманын актуалдуулугу төмөнкү жагдайлар менен тастыкталат:

- *Мамлекеттик стратегиялардын колдоосу* – «Санарип Кыргызстан 2019–2023», «Алтын Казык» программасы, «Билим берүү жөнүндө» мыйзам ж.б. документтер маалыматтык чөйрөнү билим берүү мекемелеринде ишке ашырууну талап кылат.
- *PISA жана COVID-19 факторлору* – эл аралык баалоолор жана пандемия аралыктан окутуунун актуалдуулугун күчөттү.
- *Билимге жеткиликтүүлүктү камсыздоо* – алыскы аймактардагы окуучулар үчүн бирдей мүмкүнчүлүк түзүү зарыл.

- *Мугалимдердин жана окуучулардын санариптик сабаттуулугун өнүктүрүү* – билим берүү системасы XXI кылымдын талабына жооп берген санариптик көндүмдөрдү берүүгө тийиш.
- *Илимий негиздердин жетишсиздиги* – Кыргызстандын шартында маалыматтык чөйрөнү түзүү жана колдонуу боюнча комплекстүү илимий изилдөөлөр жетишсиз.

Жалпылап айтканда, диссертациянын темасы – *жалпы билим берүүчү мектептерде маалыматтык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздерин* иштеп чыгуу – учурдагы билим берүү системасынын негизги маселелерин чечүүгө багытталган жана практикалык мааниге ээ актуалдуу изилдөө болуп саналат.

Кыргызстандын билим берүү системасында маалыматтык чөйрөнү киргизүүнүн актуалдуулугу бир нече факторлор менен шартталган:

1. **Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу** – Интернет жана санариптик технологиялар аркылуу билим алууну жалпыга жеткиликтүү кылуу мүмкүнчүлүгү жогорулайт. Бул өзгөчө өлкөнүн алыскы аймактарындагы мектептер үчүн маанилүү, анткени алар ресурстарга жана билим берүүгө жеткиликтүүлүгү чектелүү болгон аймактарга кирет.
2. **Окутуунун сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу** – Маалыматтык чөйрө окуучулардын билим деңгээлин көзөмөлдөп туруу, алардын жетишкендиктерин баалоо жана жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бул сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт.
3. **Билим берүү процессинде инновациялык ыкмаларды колдоо** – Интерактивдүү, мультимедиялык жана адаптивдүү элементтерди колдонуу окуучулардын окууга болгон кызыгуусун арттырып, алардын билимге болгон мамилесин жакшыртат.
4. **Маалыматтык технологияларды колдонуу жөндөмдөрүн өнүктүрүү** – Заманбап технологияларды колдонуу менен билим берүү процесси окуучуларга келечекте ийгиликтүү иштөө үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Жыйынтыктап айтканда, маалыматтык билим берүү чөйрөсүн түзүү жана анын негизинде билим берүү процессин модернизациялоо Кыргызстандын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана жалпы билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн актуалдуу жана зарыл маселе болуп саналат. Бул изилдөө билим берүү чөйрөсүндөгү заманбап технологияларды пайдалануу жана санариптик чөйрөдө натыйжалуу окутуунун негизги принциптерин иштеп чыгууга багытталган, жана ал Кыргызстандын билим берүү системасы үчүн жаңы перспективаларды ачат.

Ошону менен бирге билим берүү системасын санариптештирүүдө бир **катар карама-каршылыктарды бар экендигин аныктадык. Алардын ичинде**:

1. Билим берүү процессине санариптик технологияларды интеграциялоо зарылдыгы менен көптөгөн мектептерде алардын жетишсиздиги;

2. Окуучулардын санариптик сабаттуулугун арттырууга болгон муктаждык менен алардын көпчүлүгүнүн тиешелүү көндүмдөрдүн жоктугу;

3. Мугалимдердин заманбап окутуу ыкмаларын колдонууга умтулуусу менен санариптик ресурстарды натыйжалуу пайдалануу боюнча жетиштүү билиминин жоктугу;

4. Санариптик ресурстарды колдонуу аркылуу билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу потенциалы менен анын ишке ашыруунун жолдорунун аныкталбагандыгы.

Бул карама-каршылыктар билим берүү системасын өнүктүрүүдө негизги тоскоолдуктар катары каралууда. Ушул карама-каршылыктарды чечүү зарылдыгы биздин илимий ишибиздин төмөнкүдөй проблемасын белгилөөнү шарттайт: Жалпы билим берүүчү мектепте маалыматтык билим берүү чөйрөсүн ишке ашыруунун концепциясы кайсылар? Аталган карама-каршылыктарды жана коюлган проблеманы чечүү зарылдыгы биздин "Жалпы билим берүүчү мектепте маалыматтык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздери" аталышындагы диссертациялык изилдөөбүздүн темасын аныктоого мүмкүндүк берди.

**Изилдөөнүн максаты -** Жалпы билим берүүчү мектепте маалыматтык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн дидактикалык негиздерин иштеп чыгуу жана аны окуу процессине натыйжалуу интеграциялоонун жолдорун сунуштоо.

**Изилдөөнүн максатына ылайык төмөндөгүдөй милдеттер келип чыкты:**

1. "Маалыматтык билим берүү чөйрөсү" түшүнүгүнүн теоретикалык негиздерин изилдөө жана аныктама берүү;
2. Жалпы билим берүүчү мектептерде маалыматтык чөйрөнү түзүүнүн зарылдыгын аныктоо жана негиздөө;
3. Маалыматтык билим берүү чөйрөсүн пайдалануунун методологиясын жана методдорун сунуштоо;
4. Маалыматтык чөйрөнү ишке ашыруу үчүн дидактиалык шарттарды жана моделдерди иштеп чыгуу;
5. Педагогикалык эксперимент аркылуу сунушталган педагогикалык шарттарынын жана моделинин натыйжалуулугун баалоо жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

Бул изилдөө билим берүү процессине маалыматтык чөйрөнү түзүүдө жаңы дидактикалык принциптерди, ыкмаларды жана технологияларды сунуштайт. Атап айтканда:

1. Маалыматтык билим берүү чөйрөсүн ишке ашыруунун концепциясы иштелип чыкты;
2. Маалыматтык билим берүү чөйрөсүнүн структуралык модели иштелип чыкты;
3. Маалыматтык билим берүү чөйрөсү менен окутууну уюштуруунун педагогикалык шарттары иштелип чыкты;
4. Маалыматтык технологиялар аркылуу окутуунун натыйжалуулугун баалоо системалары иштелип чыкты;

5. Интерактивдүү сабактарда санариптик платформаларды колдонуунун эффективдүүлүгү далилденди.

Бул илимий жаңылыктар билим берүү системасындагы санариптик трансформациянын өнүгүүсүнө жана жалпы билим берүүчү мектептерде инновациялык окутуу моделдерин ишке ашырууга багытталган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктары жалпы билим берүүчү мектептерде санариптик технологияларды эффективдүү киргизүүдө колдонууга болот. Атап айтканда:

- Окутуу процессине санариптик ресурстарды киргизүү;
- Маалыматтык чөйрөнү колдонуу менен сабактарды уюштуруу боюнча методикалык колдонмолорду түзүү;
- Мугалимдер үчүн окуу-тренингдерди уюштуруу жана окутуу процессин жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарды берүү;
- Окуучулардын өз алдынча иштөөсүн стимулдаштыруу үчүн адаптацияланган тапшырмаларды иштеп чыгуу.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары билим берүү процессинин экономикалык натыйжалуулугун жогорулатууга олуттуу салым кошо алат. Маалыматтык билим берүү чөйрөсүн колдонуу төмөнкү экономикалык эффекттерди камсыз кылат:

*1. Ресурстарды үнөмдөө:* Санариптик ресурстарды пайдалануу кагаз түрүндөгү окуу куралдарын басып чыгарууга жана жеткирүүгө кеткен чыгымдарды азайтат.

*2. Окутуунун эффективдүүлүгү:* Интерактивдүү платформалар окуучулардын материалды өздөштүрүү сапатын жогорулатып, кайра окутуу жана кошумча ресурстарга муктаждыкты төмөндөтөт.

*3. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу:* Маалыматтык технологияларды окутууда колдонуу менен мугалимдердин кесиптик деңгээли жогорулап, сабак берүү процессиндеги чыгымдардын натыйжалуулугу артат.

*4. Узак мөөнөттүү инвестиция:* Санариптик платформалар билим берүү мекемелерине узак мөөнөттүү экономикалык пайда алып келип, технологиялык инфраструктуранын үзгүлтүксүз өнүгүүсүн шарттайт.

**Диссертациянын коргоого коюулуучу негизги жоболору:**

1. Жалпы билим берүүчү мектепте маалыматтык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн концептуалдык негизи – заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды интеграциялоого, санариптик сабаттуулукту калыптандырууга, билим берүүнү жекелештирүүгө жана жеткиликтүүлүккө багытталган системалуу мамиле болуп саналат.

2. Маалыматтык билим берүү чөйрөсү – электрондук, онлайн жана гибриддик окутуу форматтарына ыңгайлашкан, адаптивдүү технологияларды, санариптик ресурстарды жана окутуу платформаларын камтыган педагогикалык-санариптик чөйрө катары аныкталат.

3. Санариптик билим берүү чөйрөсүн түзүүдө мазмундун жаңыланышы, окутуу усулдарынын өркүндөтүлүшү жана санариптик технологияларды өздөштүрүүдөгү карама-каршылыктарды чечүүнүн илимий

жолдору көрсөтүлүп, ал теориялык, методологиялык жана технологиялык негиздерге таянып ишке ашырылат.

4. Мектептерде маалыматтык чөйрөнү түзүү үчүн иштелип чыккан дидактикалык шарттар жана моделдер билим сапатын жогорулатууну жана окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык окутууну камсыздаган инновациялык чечимдерди сунуштайт.

Педагогикалык эксперименттердин жыйынтыктары сунушталган чөйрөнүн натыйжалуулугун далилдеп, аны практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүн тастыктайт жана билим берүү системасына маалыматтык чөйрөнү интеграциялоо боюнча жаңы илимий-методикалык сунуштарга негиз болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

1. Жалпы билим берүүчү мектептерде маалыматтык чөйрөнү түзүү үчүн жаңы дидактикалык принциптерди иштелип чыкты жана алардын натыйжалуулугу эксперименталдык негизде далилденди;
2. Окутуу процессине санариптик ресурстарды жана интерактивдүү технологияларды натыйжалуу киргизүү боюнча методикалык сунуштарды иштелип чыкты;
3. Билим берүүдө маалыматтык билим берүүчү чөйрөнүн функцияларын жана мүмкүнчүлүктөрүн интеграциялоо үчүн педагогикалык шарттар аныкталып берилди;
4. Маалыматтык чөйрөнү түзүүнүн теориялык жана практикалык негиздерин изилдөө аркылуу билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга боло тургандыгы практикада далилденди;
5. Педагогикалык эксперименттердин негизинде жалпы билим берүүчү мектептерде маалыматтык чөйрөнү колдонуунун эффективдүүлүгү педагогикалык эксперимент менен тастыкталып практикалык сунуштарды иштелип чыкты.

**Биринчи бөлүм** “Жалпы билим берүүчү мектепте маалыматтык билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн теориялык жана практикалык практикалык маселелери” деп аталып, изилдөөнүн *биринчи жана экинчи милдеттери* аткарылды жана билим берүү чөйрөсүндө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (ИКТ) колдонуу аркылуу түзүлгөн жаңы окуу чөйрөсүнүн мазмуну, зарылдыгы жана уюштуруу шарттары терең изилденди.

"Маалыматтык билим берүү чөйрөсү" түшүнүгүнө карата биздин кошкон толуктообузду менен төмөндөгүчө аныктама катары берсек болот.

Маалыматтык билим берүү чөйрөсү - *бул билим берүү процессинин катышуучуларынын (мугалимдердин, окуучулардын, ата-энелердин) билимге жетүү, аны түзүү, колдонуу жана бөлүшүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүчү, заманбап технологияларга жана маалыматтык ресурстарга негизделген интеграцияланган экосистема*. Ал билим берүү чөйрөсүнүн бардык элементтерин камтыган жана алардын өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылган динамикалык структура болуп саналат.

Бул толуктоо менен, биз "маалыматтык билим берүү чөйрөсү" түшүнүгүн жалаң эле техникалык каражаттар менен чектебестен, аны

педагогикалык, социалдык жана этикалык аспектилерди камтыган татаал, динамикалык жана инновациялык система катары мүнөздөдүк. Ал окуучулардын билим алуудагы активдүүлүгүн арттырып, жекече окутуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, билим берүү процессинин жалпы сапатын жогорулатууга багытталган.

**Экинчи бөлүм** “Маалыматтык билим берүү чөйрөсүн ишке ашыруунун методологиясы жана методдору” деп аталып изилдөөгө коюлган *үчүнчү милдет* аткарылды. Бул бөлүмдө билим берүү процессинде маалыматтык билим берүү чөйрөсүн колдонуп окутуунун теориялык-методологиялык негизи, илимий-изилдөө ыкмалары жана концептуалдык негизги түзүмү иштелип чыкты.

**Үчүнчү бөлүм** “Маалыматтык билим берүү чөйрөсүн уюштуруунун дидактикалык негиздери жана модели” деп аталып изилдөөгө коюлган *төртүнчү* милдет аткарылды. Бул бөлүмдө маалыматтык билим берүү чөйрөсүн натыйжалуу ишке ашыруу үчүн зарыл болгон негизги педагогикалык шарттар каралды. Окуучулардын жана мугалимдердин маалыматтык сабаттуулугун өнүктүрүү, санариптик ресурстарды жеткиликтүү кылуу, окутуу процессине маалыматтык чөйрөнү интеграциялоо жана коопсуз санариптик чөйрөнү камсыздоо бул шарттардын негизги компоненттери болуп эсептелерин аныктадык.

**Төртүнчү бөлүм** “Педагогикалык эксперимент жана анын натыйжаларын талдоо” деп аталып изилдөө ишине коюлган *бешинчи милдет* аткарылды.

Бул бөлүмдө педагогикалык эксперименттин жүрүшү, анын натыйжалары жана практикалык сунуштар талданып, сандык маалыматтар менен коштолгон жыйынтыктар чыгарылды. Эксперимент үч этапта өткөрүлүп, маалыматтык билим берүү чөйрөсүн ишке ашыруунун натыйжалуулугу бааланган.

**Эксперименттин максаты жана милдеттери**

Эксперименттин максаты – билим берүү процессинде маалыматтык чөйрөнү түзүүнүн натыйжалуулугун аныктоо, анын компоненттерин сабакка интеграциялоонун педагогикалык шарттарын жана дидактикалык негиздерин иштеп чыгуу**.**

Коюлган максатка ылайык эксперименттин негизги **милдеттери** төмөнкүлөр болду**:**

1. Маалыматтык билим берүү чөйрөсүнүн учурдагы абалын изилдөө жана педагогикалык көйгөйлөрдү аныктоо.
2. Санариптик ресурстарды жана технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын билим сапатына тийгизген таасирин талдоо.
3. Мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүгүндөгү санариптик көндүмдөрдүн деңгээлин баалоо.
4. Окутуу процессин эффективдүү уюштуруунун педагогикалык шарттарын практикадан өткөрүү аркылуу сунуштарды берүү.

Көңүл бурганыңыздарга Рахмат!

**СУРООЛОР:**

**Отурумдун төрагасы:** доклад бүттү. Суроолоруңуздар болсо бериңиздер. Профессор Бийбосунов Болот Илясовичке сөз берилет.

**Бийбосунов Б.И. ф-м.и.доктору, профессор:** Менде мындай суроолор бар? Диссертациянын презентациясынын мазмунун слайддар аркылуу берип жатканда педагогикалык эксперименттин 3 этабына толук көбүрөөк убакыт бөлүп жасоо керек. Ушуга байланыштуу мендеги суроолор:

1) Педагогикалык экспериментти жүргүзүүдө 10 мектепти тандоо критерийлери кандай болду? Эксперименталдык жана контролдук топтордун ортосундагы айырмачылыктарды минималдаштыруу үчүн кандай чаралар көрүлдү?

**Изденүүчү Касымалиев М.У.:** Педагогикалык экспериментке 10 мектеп Кыргызстандын билим берүү системасынын ар түрдүү шарттарын чагылдыруу үчүн тандалды. **Тандоо критерийлери**: 1) Географиялык жайгашуу (4 шаардык, 6 айылдык мектеп – Бишкек, Ош, Чүй, Нарын, Жалал-Абад, Баткен); 2) Техникалык жабдылыш (орточо же төмөн, 70% мектепте интернет чектелүү, 5-10 компьютер); 3) Мугалимдердин квалификациясы (ИКТ боюнча 50-60% сабаттуулук); 4) Окуучулардын контингенти (20-30 окуучу/класс, 11-15 жаш); 5) Администрациянын даярдыгы (экспериментке мотивация). Мектептер географиялык жайгашуусу (шаар, айыл), техникалык жабдылышы жана мугалимдердин квалификациясы боюнча тандалды. Эксперименталдык жана контролдук топтордун окуучуларынын билим деңгээли, жашы жана жынысы боюнча тең салмактуулугу камсыздалды.

*Айырмачылыктарды минималдаштыруу чаралары:* 1) Диагностикалык тестирлөө менен окуучулардын баштапкы билим деңгээлин теңдештирүү (айырма $<5\%$, $p>0.05$); 2) Мугалимдердин ИКТ сабаттуулугун баалоо (50-60%, $p>0.05$); 3) Бирдей окуу программасын жана шарттарды (сабак узактыгы, жабдылыш) колдонуу; 4) Стратификациялык рандомизация менен класстарды бөлүштүрүү; 5) Үзгүлтүксүз мониторинг жана статистикалык анализ (ANOVA, t-тест). Натыйжалар МББЧнын натыйжалуулугун тастыктады: эксперименталдык топ – 77.8%, контролдук – 59.8% ($p<0.01$). Чектөөлөр (аз мектеп, техникалык айырмачылыктар) стратификация жана мониторинг менен жарым-жартылай жеңилдеди. Салттуу окутуу методдору контролдук топтордо бирдей колдонулуп, айырмачылыктар минималдаштырылды.

**Бийбосунов Б.И. ф-м.и.доктору, профессор:** Дагы бир маанилүү суроо. Маалыматтык билим берүү чөйрөсүнүн структуралык модели кандай компоненттерден турат? Алардын ар бири билим берүү процессине кандай салым кошот?

**Изденүүчү Касымалиев М.У.:** Структуралык модель төмөнкү негизги компоненттерден турат: 1) мазмундук компонент (санариптик ресурстар, окуу материалдары); 2) уюштуруучулук компонент (платформалар, убакытты уюштуруу); 3) өз ара аракеттенүү компоненти (мугалим-окуучу, окуучу-окуучу байланыштары); 4) мониторинг жана баалоо компоненти

(автоматташтырылган баалоо куралдары); 5) методикалык камсыздоо (окутуу методдору, нускамалар, стратегиялар). Бул модель билим берүүнү комплекстүү системалаштырууга мүмкүндүк берет. Ресурстар билимге жеткиликтүүлүктү камсыздайт, инфраструктура туруктуу иштөөнү колдойт, технологиялар окутууну жекелештирет, коопсуздук маалыматтарды коргойт, мунун баары билим сапатын жогорулатат. Кыргызстандын мектептериндеги техникалык чектөөлөрдү эске алып, модель жеткиликтүү жана масштабдалган чечимдерди сунуштайт, мисалы, оффлайн режиминде иштей турган электрондук материалдар жана минималдуу интернет талап кылган платформалар. Эксперименталдык натыйжалар (77.8% билим деңгээли) моделдин учурдагы шарттарда натыйжалуу экенин далилдеди, бирок толук ишке ашыруу үчүн инфраструктураны жакшыртуу зарыл.

**Бийбосунов Б.И. ф-м.и.доктору, профессор:** Изилдөөдө аныкталган дидактикалык принциптер Кыргызстандын мектептериндеги билим берүү практикасына кандайча жаңы өбөлгө түзөт?

**Изденүүчү Касымалиев М.У.:** Изилдөөдө аныкталган дидактикалык принциптер – жеткиликтүүлүк, интерактивдүүлүк жана адаптивдүүлүк – Кыргызстандын мектептериндеги билим берүү практикасын модернизациялоого жана XXI кылымдын талаптарына ылайыкташтырууга жаңы өбөлгө түзөт.

1. ***Жеткиликтүүлүк:*** Бул принцип окуу материалдарынын бардык окуучулар, айрыкча алыскы аймактардагылар үчүн жеткиликтүү болушун камсыз кылат. МББЧ оффлайн материалдарды (USB-ташыгычтардагы электрондук китептер) жана минималдуу интернет талап кылган платформаларды сунуштайт, бул Кыргызстандын 70% айылдык мектептериндеги интернет чектөөлөрүн жеңет. Бул билим берүүнүн инклюзивдүүлүгүн жогорулатып, санариптик теңсиздикти азайтат.

2. ***Интерактивдүүлүк:*** Принцип мультимедиа (видео, симуляциялар) жана долбоордук иштер (мисалы, кыргыз маданиятына негизделген тапшырмалар) аркылуу окуучулардын активдүү катышуусун стимулдайт. Бул салттуу лекциялык методдорду алмаштырып, окуучулардын кызыгуусун жана мотивациясын арттырат. Экспериментте интерактивдүү ыкмалар окуучулардын билим деңгээлин 77.8%га жеткирди (контролдук топ – 59.8%, $p<0.01$).

3. ***Адаптивдүүлүк:*** Жасалма интеллектке негизделген адаптивдүү тапшырмалар окуучулардын жеке билим деңгээлине ылайыкташтырылган окутууну камсыз кылат. Бул Кыргызстандагы класстардын ар түрдүү даярдык деңгээлин эске алып, жекелештирилген билим берүүнү күчөтөт. Экспериментте адаптивдүү моделдер окуучулардын материалды өздөштүрүүсүн 18% жакшыртты.

Бул принциптер Кыргызстандын билим берүү практикасына салттуу методдорду санариптик технологиялар менен байытуу, окуучулардын санариптик сабаттуулугун өнүктүрүү жана билим сапатын жогорулатуу аркылуу өбөлгө түзөт. Практикалык сунуштарда мугалимдерди ИКТ боюнча

окутуу жана мектептерди жабдуулар менен камсыздоо каралган, бул принциптердин ишке ашырылышын колдойт.

**Бабаев Д.Б. п.и.д., профессор:** Кыргызстандын билим берүү системасында МББЧ түзүүнүн актуалдуулугун негиздегенде, сиз кандай конкреттүү социалдык, экономикалык жана технологиялык факторлорду эске алдыңыз?

**Изденүүчү Касымалиев М.У.:** Кыргызстандын билим берүү системасында маалыматтык билим берүү чөйрөсүн (МББЧ) түзүүнүн актуалдуулугу социалдык, экономикалык жана технологиялык факторлордун комплекстүү анализи менен негизделген.

1. **Социалдык факторлор**: Кыргызстанда билим берүүгө жеткиликтүүлүк, айрыкча алыскы аймактарда, чектелүү. Алыскы айылдардагы окуучулар сапаттуу окуу материалдарына жана квалификациялуу мугалимдерге жетүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушат. МББЧ электрондук окуу китептери жана онлайн платформалар аркылуу бул теңсиздикти азайтып, инклюзивдүү билим берүүнү камсыз кылат. Мындан тышкары, COVID-19 пандемиясы аралыктан окутуунун зарылдыгын күчөттү, бул МББЧнын жекелештирилген жана гибриддик моделдерине суроо-талапты жогорулатты. Экспериментте МББЧ окуучулардын мотивациясын жана билим деңгээлин (77.8%) жакшыртты.
2. **Экономикалык факторлор**: Кыргызстандын бюджети билим берүүгө чектелген каражат бөлөт, кагаз окуу куралдарына кеткен чыгымдар жогору. МББЧ санариптик ресурстар аркылуу чыгымдарды 30-40% кыскартып, узак мөөнөттүү экономикалык натыйжалуулукту камсыз кылат. Ошондой эле, санариптик сабаттуулукту өнүктүрүү менен окуучуларды заманбап жумуш рыногуна даярдайт, бул өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө салым кошот. “Санарип Кыргызстан 2019-2023” программасы бул багытты колдойт.
3. **Технологиялык факторлар**: Кыргызстанда интернетке жетүү жана техникалык жабдылыш чектелүү, айрыкча айылдык мектептердин 70%да интернет начар же жок. МББЧ оффлайн материалдар (USB-ташыгычтар) жана минималдуу талаптарга ээ платформалар менен бул көйгөйдү чечет. Экспериментте МББЧнын техникалык чечимдери билим сапатын контролдук топко (59.8%) салыштырмалуу 18% жогорулатты ($p<0.01$).

Бул факторлор МББЧнын актуалдуулугун бекемдеп, Кыргызстандын билим берүү системасын модернизациялоого өбөлгө түзөт.

**Бабаев Д.Б. п.и.д., профессор:** МББЧны ишке ашыруу үчүн аныкталган педагогикалык шарттар (жекелештирилген окутуу, техникалык колдоо, маалыматтык коопсуздук ж.б.) Кыргызстандын мектептеринин учурдагы инфраструктурасына жана ресурстарына канчалык ылайыктуу?

**Изденүүчү Касымалиев М.У.:** Абдан маанилүү суроо бердиңиз. Маалыматтык билим берүү чөйрөсүн (МББЧ) ишке ашыруу үчүн аныкталган педагогикалык шарттар – жекелештирилген окутуу, техникалык колдоо жана маалыматтык коопсуздук – Кыргызстандын мектептеринин учурдагы

инфраструктурасына жана ресурстарына жарым-жартылай ылайыктуу, бирок толук ишке ашыруу үчүн кошумча жакшыртууларды талап кылат.

1. **Жекелештирилген окутуу**: Бул шарт адаптивдүү платформалар жана электрондук ресурстар (мисалы, билим деңгээлине жараша тапшырмалар) аркылуу ишке ашырылат. Кыргызстандын мектептериндеги чектелген компьютерлер (орточо 5-10 компьютер/мектеп) жана интернеттин жоктугу (70% айылдык мектептерде) бул шартты жарым-жартылай гана колдойт. Бирок, МББЧ оффлайн материалдар (USB-ташыгычтардагы окуу китептери) менен жекелештирилген окутууну камсыз кылат. Экспериментте бул ыкма окуучулардын билим деңгээлин 77.8%га жеткирди (контролдук топ – 59.8%, $p<0.01$).

2. **Техникалык колдоо**: МББЧ компьютерлер, булут технологиялары жана IT колдоо кызматтарын талап кылат. Кыргызстандын мектептериндеги эскирген жабдуулар жана интернеттин чектелүү жеткиликтүүлүгү бул шартты ишке ашырууну кыйындатат. Модель минималдуу талаптарга ээ чечимдерди (оффлайн платформалар, жергиликтүү серверлер) сунуштайт, бирок толук натыйжалуулук үчүн "Санарип Кыргызстан" программасынын алкагында компьютердик класстарды жаңылоо зарыл.

3. **Маалыматтык коопсуздук**: Маалыматтарды коргоо жана интернет этикасы МББЧнын маанилүү компоненти. Кыргызстанда бул багытта мыйзамдар бар, бирок мектептерде коопсуздук стандарттары начар ишке ашырылат. МББЧ шифрлөө технологиялары жана окуучуларга онлайн коопсуздук боюнча тренингдер аркылуу бул маселени чечет. Экспериментте этикалык нускамалар окуучулардын маалыматтарын коргоодо натыйжалуу болду.

Бул шарттар Кыргызстандын шарттарына жарым-жартылай ылайыктуу, бирок инфраструктуралык жакшыртуулар (Wi-Fi кеңейтүү, жабдууларды жаңылоо) жана мугалимдерди окутуу менен толук ишке ашырылат.

**Бабаев Д.Б. п.и.д., профессор:** Сиз сунуштаган гибриддик окутуу модели салттуу жана онлайн окутуунун элементтерин кандай пропорцияда айкалыштырат? Бул модель Кыргызстандын мектептеринин учурдагы ресурстарына ылайыктуубу?

**Изденүүчү Касымалиев М.У.:** Рахмат суроонузга. Сунушталган гибриддик окутуу модели салттуу (оффлайн) жана онлайн окутуу элементтерин Кыргызстандын мектептеринин чектелген ресурстарына ылайыкташтырылган пропорцияда айкалыштырат. Модель **70**<u>% салттуу окутуу</u> (класс тагы сабактар, мугалим менен түз иштөө) жана **30%** <u>онлайн окутуу</u> (электрондук ресурстар, адаптивдүү тапшырмалар, мультимедиа) элементтеринен турат. Бул пропорция мектептердин техникалык мүмкүнчүлүктөрүн (70% айылдык мектептерде интернет чектелүү, орточо 5-10 компьютер) жана мугалимдердин санариптик сабаттуулугун (50-60%) эске алуу менен иштелип чыккан.

*Салттуу окутуу* класста мугалимдин жетекчилиги астында лекцияларды, практикалык иштерди жана топтук талкууларды камтыйт, бул Кыргызстандын мектептериндеги негизги окутуу форматына шайкеш. *Онлайн окутуу* электрондук окуу китептери (USB-ташыгычтарда, оффлайн жеткиликтүү), жөнөкөй булут платформалары жана мультимедиа материалдары (видео, симуляциялар) аркылуу ишке ашырылат. Экспериментте бул модель окуучулардын билим деңгээлин 77.8%га жеткирип, контролдук топко (59.8%) салыштырмалуу 18% жакшыртты ($p<0.01$).

*Ылайыктуулугу:* Модель Кыргызстандын мектептеринин учурдагы ресурстарына жарым-жартылай ылайыктуу. Оффлайн материалдар жана минималдуу интернет талап кылган чечимдер алыскы аймактарда ишке ашырууну жеңилдетет. Бирок, толук натыйжалуулук үчүн компьютердик класстарды жаңылоо, интернет жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү (“Санарип Кыргызстан” программасынын алкагында) жана мугалимдерди ИКТ боюнча окутуу зарыл. Практикалык сунуштарда жабдууларды берүү жана тренингдер уюштуруу каралган, бул моделдин масштабдуу деңгээлде колдонулушун шарттайт.

**Торогельдиева К.М. п.и.д., профессор:** Изилдөөдө колдонулган методдор (теориялык анализ, педагогикалык эксперимент, тестирлөө) натыйжалардын объективдүүлүгүн камсыз кылууда канчалык эффективдүү болду?

**Изденүүчү Касымалиев М.У.:** Изилдөөдө колдонулган методдор – теориялык анализ, педагогикалык эксперимент жана тестирлөө – маалыматтык билим берүү чөйрөсүнүн (МББЧ) натыйжалуулугун баалоодо натыйжалардын объективдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууда жогорку эффективдүүлүктү көрсөттү.

1. *Теориялык анализ*: Бул метод МББЧнын концепциясын түзүүдө негиз болуп, эл аралык (Н.В. Гершунский, Л. Джонсон) жана жергиликтүү (Б.И. Бийбосунов) изилдөөлөрдү системалаштырды. Ал Кыргызстандын билим берүү системасынын өзгөчөлүктөрүн (чектелген интернет, мугалимдердин сабаттуулугу 50-60%) эске алып, МББЧнын структуралык моделин (маалыматтык ресурстар, техникалык инфраструктура, окутуу технологиялары) иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. Теориялык негиздердин кылдаттыгы изилдөөнүн методологиялык базасын бекемдеди.

2. *Педагогикалык эксперимент:* Эксперимент 10 мектепте (4 шаардык, 6 айылдык) жүргүзүлүп, эксперименталдык (МББЧ колдонулган) жана контролдук (салттуу окутуу) топторду салыштырды. Стратификациялык рандомизация жана баштапкы билим деңгээлинин теңдештирилиши (айырма <5%, $p>0.05$) топтордун окшоштугун камсыз кылды. Натыйжалар эксперименталдык топтун билим деңгээли 77.8%, контролдук топтуку 59.8% экенин көрсөттү ($p<0.01$, ANOVA), бул МББЧнын таасирин объективдүү далилдеди.

3. *Тестирлөө:* Стандартташтырылган диагностикалык жана жыйынтыктоочу тесттер (5-9-класстар үчүн математика, кыргыз тил, Табият

таану) окуучулардын билим деңгээлин так баалоого мүмкүндүк берди. Сурамжылоо жана байкоо мугалимдердин ИКТ колдонуу деңгээлин (r≈0.977 корреляция) жана окуучулардын мотивациясын өлчөдү. Тесттердин ишенимдүүлүгү статистикалык анализ (t-тест, p<0.01) менен тастыкталды.

Методдордун айкалышы комплекстүү баалоону камсыз кылды: теориялык анализ концепцияны негиздесе, эксперимент жана тестирлөө эмпирикалык далилдерди берди. Чектөөлөр (10 мектеп менен чектелүү, техникалык айырмачылыктар) мониторинг жана рандомизация менен жарым-жартылай жеңилди, бул натыйжалардын объективдүүлүгүн жогорулатты.

**Сияев Т.М. п.и.д., профессор:** Сиз сунуштаган МББЧ концепциясы эл аралык тажрыйбаларга (мисалы, Россия, АКШ, Англия) салыштырмалуу кандай өзгөчөлүктөргө ээ?

**Изденүүчү Касымалиев М.У.:** Рахмат суроонузга изилдөөдөгү эң багыттуу анализделген мазмун боюнча суроо болду.

Маалыматтык билим берүү чөйрөсү (МББЧ) концепциясы Россия (Н.В. Гершунский, Е.С. Полат), АКШ (Л. Джонсон, R.E. Mayer) жана Англия (Ж. Андерсон, С. Хиггинс) илимпоздорунун изилдөөлөрүнө таянып, Кыргызстандын билим берүү системасынын өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылган. Ал төмөнкү уникалдуу өзгөчөлүктөргө ээ:

1. Россиялык тажрыйбага салыштырмалуу: Россиялык моделдер (мисалы, Полаттын "Электрондук билим берүү чөйрөсү") санариптик платформаларды жана ИКТ интеграциясын баса белгилейт, бирок жакшы өнүккөн инфраструктурага таянат. МББЧ Кыргызстандын чектелген ресурстарына ылайык оффлайн материалдарды (USB-ташыгычтардагы окуу китептери) жана минималдуу интернет талап кылган булут технологияларын сунуштайт, алыскы аймактарда жеткиликтүүлүктү камсыз кылат.

2. АКШ тажрыйбасына салыштырмалуу: Л. Джонсон жана Mayer адаптивдүү окутуу жана когнитивдик психологияга негизделген технологияларга басым жасайт. МББЧ бул идеяларды жөнөкөйлөтүп, жеткиликтүү адаптивдүү платформалар (мисалы, билим деңгээлине жараша тапшырмалар) жана мультимедиа ресурстарын колдонот, Кыргызстандын мектептериндеги эскирген жабдууларга (орточо 5-10 компьютер) ылайыкташтырылган.

3. Англиялык тажрыйбага салыштырмалуу: Ж. Андерсондун изилдөөлөрү интерактивдүү окутуу жана виртуалдык чөйрөлөргө багытталган. МББЧ интерактивдүүлүктү кыргыз маданиятынын элементтерин камтыган долбоордук иштер (мисалы, улуттук мотивдер менен мультимедиа тапшырмалары) аркылуу ишке ашырат, интернетке жетүү чектелүү мектептерде (70%) оффлайн чечимдерди колдонот.

Уникалдуу өзгөчөлүктөр:

- Кыргыз жана орус тилдериндеги окуу материалдары улуттук тил саясатына шайкеш.
- Оффлайн жана минималдуу талаптарга ээ чечимдер алыскы аймактарда жеткиликтүүлүктү жогорулатат.

• Экономикалык натыйжалуулук: кагаз окуу куралдарына кеткен чыгымдарды 30-40% кыскартуу.

Экспериментте МББЧ окуучулардын билим деңгээлин 77.8%га жеткирип, контролдук топко (59.8%) салыштырмалуу 18% жакшыртты ($p<0.01$), бул концепциянын Кыргызстанга ылайыктуулугун жана эл аралык тажрыйбалардан артыкчылыгын далилдейт.

**Сияев Т.М. п.и.д., профессор:** Кыргызстандын “Санарип Кыргызстан 2019-2023” жана “Алтын Казык” программаларына таянып жатасыз. Бул программалардын ишке ашырылышы МББЧны түзүүгө канчалык деңгээлде өбөлгө түздү?

**Изденүүчү Касымалиев М.У.:** Рахмат маанилүү сурооңузга**.** “Санарип Кыргызстан 2019-2023” жана “Алтын Казык” программалары Кыргызстандын билим берүү системасында маалыматтык билим берүү чөйрөсүн (МББЧ) түзүүгө олуттуу өбөлгө түздү, бирок чектелген ресурстар жана инфраструктуралык көйгөйлөр толук ишке ашырууну чектеди.

<u>“Санарип Кыргызстан 2019-2023” программасы:</u> Бул программа санариптик трансформацияны, анын ичинде билим берүүдөгү ИКТ интеграциясын өнүктүрүүгө багытталган. Ал мектептерде санариптик жөндөмдөрдү жайылтуу, IT-адистерди даярдоо жана кыргыз тилиндеги санариптик контентти түзүү боюнча чараларды камтыды. МББЧ үчүн бул программа “Санарип Кампа” платформасын (жасалма интеллект менен тесттер жана окуу пландарын түзүү) жана оффлайн материалдарды (USB-ташыгычтардагы окуу китептери) ишке киргизүү аркылуу маалыматтык ресурстарды жана техникалык колдоону камсыз кылды. Экспериментте бул чечимдер окуучулардын билим деңгээлин 77.8%га жеткирди (контролдук топ – 59.8%, $p<0.01$). Бирок, айылдык мектептердин 70%ында интернеттин жоктугу жана эскирген жабдуулар масштабды чектеди.

<u>“Алтын Казык” программасы:</u> Бул программа мектептик билим берүүнү 12 жылдык форматка трансформациялоо жана санариптик инфраструктураны өнүктүрүү аркылуу билим берүүнү модернизациялоого багытталган. Ал “Мектеп инфраструктурасы” маалыматтык системасын (жабдуулардын эсебин жүргүзүү, онлайн оңдоо кайрылуулары) жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу үчүн санариптик модулдарды ишке киргизди. МББЧ үчүн бул мугалимдердин ИКТ сабаттуулугун (50-60%дан жогору) жана окутуунун жекелештирилген моделдерин (адаптивдүү тапшырмалар) колдоого өбөлгө түздү. Бирок, мектептердин 1.2% гана өсүшү (2350дөн 2377ге) жана жабдуулардын жетишсиздиги толук ишке ашырууну кыйындатты.

